| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ**<br>**ТОРУ-АЙГЫР -ТАМЧЫ**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ИССЫК -КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ТОРУ-АЙГЫР-ТАМЧЫНСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Бириккен Тору-Айгыр-Тамчы айылдык кенешинин уюштуруу сессиясынын**

# ТОКТОМ №4

**2024-жылдын 20- февралы** **Тамчы айылы**

**“ Тору-Айгыр -Тамчы ” айыл аймагынын айылдык кеңешин» түзүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодексинин 92-беренесин, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө», «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы ПЖ №370 “Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө” жарлыгы, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы №52 токтомун, “Пилоттук режимде жүргүзүлүп жаткан административдик-аймактык реформанын алкагында жергиликтүү кеңештердин иши жөнүндө” убактылуу жобону жана Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө Жобону ж.б. тиешелүү мыйзам актыларын жетекчиликке алып, Тору-Айгыр-Тамчы айыл аймагынын айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.Тамчы жана Тору-Айгыр айылдык аймактарынын айыл кеңештерин бириктирүү жолу менен “Тору-Айгыр-Тамчы” айыл аймагынын айылдык кеңеши болуп кайра түзүлсүн.

**Юридикалык жактын толук фирмалык аталышы:**

- Мамлекеттик тилде: « Тору-Айгыр-Тамчы айыл аймагынын айылдык кеңеши» мекемеси
- Расмий тилде: Учреждение «Айылный кенеш Тору-Айгыр- Тамчынского айылного аймака»

**Кыскартылган фирмалык аталышы:**
-Мамлекеттик тилде: « Тору-Айгыр-Тамчы айыл аймагынын айылдык кеңеши» м-и.
- Расмий тилде: У-е «Айылный кенеш Тору-Айгыр Тамчынского айылного аймака»

2.Тору-Айгыр-Тамчы айыл аймагынын айылдык кеңешинин Уставы бекитилсин.

3.Тору-Айгыр Тамчы айыл аймагынын айылдык кеңешинин юридикалык дареги Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл облусу, Ысык-Көл району, Тамчы айылы, Манас көчөсү № 36 болуп аныкталсын.

4.Юридикалык жактын уюштуруучусу-жергиликтүү кеңештин депутаттары.

5.Тору-Айгыр-Тамчы айылдык кеңеши Кыргыз Республикасынын "Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоо жөнүндө" мыйзамына ылайык Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.

6.Токтомдо көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын аныктыгы ырасталат.

**Төрага** **Э.А.Мамбетов**